**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

***Кол жазма укугунда***
УДК: 93:94(575.2):323:323.2

**Арзыматова Анаркуль Жумадиловна**

# Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек-2024

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Омурзакова Турсунай,**
тарых илимдеринин доктору, доцент

**Расмий оппоненттер:** **Эсенкулов Нурмамат Жокенович,**
тарых илимдеринин доктору, доцент

**Өмүрова Жүрсүн Касымбековна,**
тарых илимдеринин кандидаты, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жалпы тарых кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин гуманитардык жана коомдук илимдер кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов пр., 66.

Диссертация 2024 – жылдын 15-мартында саат 15.30да Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоого уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. *Дареги:* 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр., 394) жана Кыргыз Республиксынын Улуттук илимдер академиясынын (720010, Бишкек ш., Чүй пр., 265а) илимий китепканаларынан, ошондой эле КРП Улуттук аттестациялык комиссиясынын «https://vak.kg/dissertacionnye-sovety/lk-d-07-23-671/» сайтынан таанышууга болот.

Авторефераты 2024 – жылдын 14 - февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын теманын актуалдуулугу.** XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башы адамзаттын тарыхында өзгөчө из калтырган тарыхый окуялар менен коштолгон. Идеологиялык карама-каршылыкта жашаган биполярдуу коом, эки социалдык-экономикалык система (капитализм жана социализм) доору аяктап, мурдагы социалисттик лагердеги Борбордук Азия өнүгүүнүн жаңы фазасына өтүп, дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке кошулган. СССРдин курамындагы 15 союздук республика советтик экономикалык системадан, рынок экономикасына өтүү менен эле чектелбестен, Борбордук бийликтен баш тартып, көз карандысыздыктарын жарыялашкан. Радикалдык өзгөрүүлөргө учураган СССРдин курамындагы республикалар, алардын ичинде Кыргыз Республикасы да татаал экономикалык, саясий проблемаларга дуушар болушу мыйзамдуу көрүнүш болгон.

Кыргызстан 1991-ж. 31-августта көз карандысыздыгын жарыялап, өлкөнүн өнүгүү тарыхындагы жаңы доорго кадам таштаган. Эгемендиктин алгачкы жылдарынан тартып көз карандысыз мамлекеттин пайдубалы түптөлүп, кыргыз эли өнүгүүнүн демократиялык жолун тандап алган. Республиканын эгемендикке ээ болушу коомдук-саясий, экономикалык системасынын кординалдуу реформаланышы менен шартталган. Конституцияны иштеп чыгуу жана кабыл алуу, мамлекеттик атрибуттарды аныктоо, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарын, жарандык коомду түзүү милдеттери турган. Саясий институттарды түзүүдө парламентаризм, президент, плюрализм, демократия, жарандык коом, партиялар, рынок экономикасы жана башка жаңы түшүнүктөр турмушубузга кирип, алар практика жүзүндө колдонула баштаган. Тилекке каршы, жаны коомдук-саясий турмушка өтүү, жаңылануу процесси татаал экономикалык, социалдык жана саясий кризистер менен коштолуп, иш жүзүндө оңой-олтоң болгон жок. Коомдук саясий турмуштагы өзгөрүү өлкөдө коррупциянын, экономикалык кризистин, жакырчылыктын, жумушсуздуктун күчөшүн пайда кылып, бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун жоктугу, шайлоолордун мыйзам бузуулар менен өтүшү саясий кризиске, натыйжада 2005 – жылдагы бийликтин алмашышышына алып келген.

Тарых бул – өткөндүн жакшысынан үлгү, каталардан сабак ала турган улуу мектеп. Бул маселелерди талдоо, андан сабак алуунун жолдорун изилдөө, мамлекеттин коомдук-саясий жана социалдык жашоосун жакшыртуу үчүн өткөндөгү окуяларды талдоо зарылчылыгы теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Мамлекеттик көз карандысыздык бул улут катары өзүн - өзү сактоо, бүтүндөй элдин кайталангыс мүнөзүн жана сапатын жоготпоо, ошону менен дүйнөлүк маданияттын жалпы казынасына өзүнүн салымы менен байытуу мүмкүнчүлүгү. Жаңыдан көз карандысыздыкка ээ болгон мамлекеттерде өлкө башкаруучулары менен эл өздөрү жаңылануу жолун туура тандабаса, өлкөнүн, мамлекеттин келечеги туңгуюка капталып, ал тургай жок болуу коркунучунун дагы жаратаары Кыргызстандын биз изилдеп жаткан мезгилдеги тарыхы

көрсөттү. Кыргызстандын 1991-2005-жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүүсүн терең талдоо келечекти божомолдоого жардам берет. Жыйынтыктап айтканда 1991 – 2005-жж. аралыгында Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшүн изилдөө Кыргызстандын бүгүнкү, келечектеги коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсүндөгү проблемаларга олуттуу кароо менен туура багытты тандоосуна өбөлгө болоору биз изилдеген теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** ***Изилдөөнүн максаты*** 1991 – 2005 жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомду – саясий турмушунун өнүгүү динамикасынын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү менен тарыхый талдоо жүргүзүү. Изилдөөнүн максатына ылайык диссертациялык ишке төмөндөгүдөй ***милдеттер*** коюлду:

**1.** Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин аныктоо менен булактык базасын системалаштыруу.

**2.** Кыргызстандын 1991-жылдагы көз карандысыздыкка ээ болуудагы коомдук-саясий кырдаалга тарыхый талдоо жасоо;

**3.** Изилдөөнүн булактык базасынын негизинде Кыргызстандын эгемен мамлекет катары калыптанышын жана бийлик бутактарынын түзүлүшүн талдоо.

**4.** Коомдук турмушту демократизациялоо процесстерин, көп партиялуулук принциптеринин калыптанышын изилдөө.

**5.** Өлкөдө Президенттик күчтүү бийликти орнотуу тенденциясына талдоо жүргүзүү.

**6.** Кыргызстандагы 2005 – жылдагы март окуясынын келип чыгуу себептерин иликтөө менен объективдүү баа берүү.

**7.** Изилдөөнүн негизинде илимий жоболорду иштеп чыгуу менен практикалык сунуштарды даярдоо.

*Изилдөөнүн хронологиялык рамкасы.* Эгемен Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун калыптануу жана өнүгүү мезгилин 1991– 2005-жж. камтыйт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары:**

1. 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алынды.

2. Кыргызстандын 1991-жылдагы көз карандысыздыкка ээ болуудагы коомдук-саясий кырдаалга тарыхый талдоо жасалды. Кыргызстандын саясий жана социалдык – экономикалык өнүүгүсүндө 1991 – жыл өткөөл мезгилдин башталганы менен мүнөздөлөт. Демократиялык өнүгүү жолун тандоо менен антидемократиялык тенденцияларга каршы туруу процесстери башталаган. 1993-жылы кабыл алынган КР Конституциясы Президенттик, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин өлкөнүү башкаруудагы ордун аныктоо менен

көз карандысыз Кыргыз Республикасынын калыптануусу юридикалык негизде аяктаган.

3. Саясий жана социалдык-экономикалык системаларды түп-тамырынан бери өзгөртүү контекстинде коомду демократиялаштыруу, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун эски органдарын трансформациялоо жана жаңы органдарын түзүү процесси изилденди. Кыргызстандын саясий системасын кайра түзүү маселелери каралды.

4. Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун тарыхый жана саясий аспектиде изилдөөнүн негизиде демократияны орнотуу механизмдери, трансформация татаал жана убакытты талап кылган процесс экендиги аныкталды.

5. Өлкөдө көп партиялуулук принциби сакталганы менен, саясий партиялардын өлкөнүн коомдук – саясий, социалдык – экономикалык өнүгүсүнө таасири дээрлик жок экендиги жана негизинен саясий партиялар парламенттик шайлоолордун алдында пайда болгондугу далилденди.

6. 2005 – жылдагы март окуяларына объективдүү баа берилип, 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылды**.**

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси.** Диссертация Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүшү жөнүндөгү билимдин кеңейишин камсыз кылат жана анын көйгөйлөрүн андан ары терең изилдөөгө колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот. Диссертациянын мазмуну курстук жана дипломдук иштерди даярдоодо, гуманитардык багыттагы адистиктер үчүн окуу курстарын окууда колдонушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1 Эгемен Кыргыз мамлекети түзүлүп, кыргыз коомунда жаңы саясий система калыптанды.

2 Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстандын жарандары демократияга өтүү үчүн багытталган радикалдуу реформаларга даяр эместигин көрсөттү.

3 Башкаруу формасы өзгөрдү. Коомдук кыймылдар жана партиялар түзүлдү.

4 Дин эркиндиги, сөз эркиндиги орноду. Кыргызстандын тарыхындагы 1991 – 2005 – жылдар өлкөнүн демократиялык өнүгүсүндө фундаменти түптөгөн.

5 Өлкөнүн саясий, экономикалык реформаларды жүргүзүүдө чет өлкөлүк өзгөчө Батыш өлкөлөрдүн тажрыйбасы эске алынды. Кыргызстан эгемедиктин алгачкы жылдарында “демократия аралчасы” деген статуска ээ болгон.

6 Ошол эле мезгилде планга негизделген экономика мамлекеттик менчиктен жеке менчикке, рынок экономикасына өткөрүү өзүнүн натыйжасын

берип, өлкөдө экономикалык стабилдүүлүк пайда болуп, бирок бул процесстеги кетирилген кемчиликтер көп учурда күтүлгөн натыйжа берген жок.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилденүүчү тарабынан 1991 – 2005 – жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүү тарыхы комплекстүү изилдөөгө алынды. Диссертацияда ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын коом жана мамлекет, сасий ситема, саясий мамилелердин өнүгүүсүнө карата концепцияларын салыштырып талдоо аракети жасалган. 1991 – 2005 жж саясий тутумундагы реформаларга конструктивдүү талдоо жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында аткарылып, талкууга алынып, коргоого сунушталды. Негизги жоболор, корутундулар жана сунуштар илимий басылмада чагылдырылган. Илимий макалалар Жогорку Улуттук Атестациялык Комиссия сунуш кылган басылмаларда жарыяланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен мазмуну Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын илимий иштерге койгон талабына ылайык, атайын рецензиялануучу чет өлкөлүк жана жергиликтүү илимий журналдарга чыккан, 13 илимий макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Илимий иштин структурасы анын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет. Диссертациянын көлөмү 169 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу тастыкталып, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталды. Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий – изилдөө иштери менен байланыштуулугу, изилдөөнүн илимий жаңылыктары жана практикалык мааниси көрсөтүлдү. Диссертацияны коргоодо алып чыгуучу негизги жоболор, изиденүүчүнүн жеке салымы, илимий иштин жыйынтыктарын апробациялоо, диссертациянын түзүмүн жана көлөмү тууралуу маалыматтар берилди**.**

Биринчи бап **“Изилденүүчү маселенин тарыхнаамасы”** деп аталат. Бул бапта диссертациялык изилдөө процессинде колдонулган илимий иштердин анализин камтыйт. *“**Ата Мекендик тарыхнаама**”* деген темада биринчи бөлүмдө Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшүн изилдөөгө алган окумуштуулардын илимий иштери анализге алынган. Алардын ойлору коомдук саясий турмуштун так аныктамасын аныктап берүүгө негиз болгон. Изилдөөнүн темасы бир нече дисциплиналардын түйүнүндө болгондуктан, диссертациялык иштин теориялык жана методологиялык негизи тарыхчылардын, саясат таануучулардын, укук таануучулардын жана

экономистердин изилденген илимий иштери, монографиялары болду. Аталган көйгөйдү чагылдырган илимий иштер жана макалаларды төмөндөгүдөй бөлсөк болот:

- Кыргызстандын саясий тутумун демократиялык жол менен өзгөртүү этаптарына арналган илимий иштер.
- Бийликтин үч бутакка бөлүнүүсү изилдеген илимий иштер.
- Конституциялык реформаларга арналган эмгектер.
- Экономикалык реформалалардын этппарын изилдөөчү илимий эмгектер.
- Мамлекеттин тышкы жана ички саясатынын маселелерине арналган илимий эмгектер жана публицистикалык макалалар.
- Көп партиялуу системанын пайда болушун изилдеген илимий эмгектер.

Бул бөлүмдө Кыргызстандын эгемендик жылдарында коомдук –саясий турмушунун өнүгүүсун изилдеген окумуштуулардын эмгектери талдооого алынды. Кыргызстандын саясий системасындагы демократиялык өзгөрүүлөрдү талдаган окумуштуулар-тарыхчылар Т. О. Ожукеева, У. Чотонов, З. И. Галиева, А. Акунов, Н. Ж. Эсенгулов, Т. А. Абдрахманов, Каана Айдаркул, А. Князев, А. Б. Болпонова, О. Ж. Омурова ж.б. болгон.

1995 - жылы тарых илимдеринин доктору, профессор Т. О. Ожукееванын “Политические процессы в странах Центральной Азии” деп аталган эмгеги жарык көргөн. Илимий изилдөөнүн объектиси, эгемен Кыргызстандын коомдук саясий турмушундагы бийлик бутактарынын калыптанышы, постсоветтик өлкөлөрдүн саясий модернизацияланышынын теориялык жана практикалык маселелери жана Борбордук Азия регионундагы саясий процесстер, мамлекеттик башкаруу механизми болгон. Окумуштуу илимий эмгегинде “Саясий маданиятты өнүктүрбөй жана тарыхый калыптанып калган саясий салттарды эске албай туруп заманбап саясий инфраструктураны түзүү мүмкүн эмес” деп белгилеген. Ал эми жаңы түзгөлгөн партиялардын негизги көйгөйү катары, “Партия саясий аренага концепциялар менен чыгууга тийиш. Алар эч бир партияда жок” деген жыйынтыктарды чыгарган. Эгемен Кыргызстандагы суверендүү мамлекеттин калыптанышына тарыхый-саясий анализ жасаган эмгек, т.и.д. Ү. Чотоновго таандык. Анын “Кыргызстан по пути суверенитета (Историко-политологический анализ)” деп аталган эмгеги 2007-ж. жарык көргөн. Окумуштуу аталган эмгегинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендик жылдарындагы саясий-укуктук негиздеринин калыптанышы жана бекемделиши, эгемендиктин экономикалык негиздерин түзүү, социалдык тармак жана руханий интеллектуалдык негиздерге токтолуп: билим, илим, маданият, кыргыздардын улуттук аң-сезиминин өсүшүнө жана Кыргыз Республикасынын ошол учурдагы геосаясий абалына анализ жасаган фундаменталдуу эмгек болуп саналат. Ал эми 1998 – жылы өзүнүн докторлук диссертациясында Ү. Чотонов “1991-1996 - жылдары өлкөнүн коомдук турмушундагы өзгөрүүлөргө: президенттик башкаруу киргизилип, өлкөдө саясий туруктуулук орногондугун, жаңы психология-жеке менчик ээсинин психологиясы калыптанып, өлкөнүн макроэкономикасында жандануу жана маданий турмушту жаңылоо башталгандыгын”, белгилеген.

1991-жылы Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыкка ээ болушу биринчи кезекте дүйнөдөгү мамлекеттер менен тең укуктуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган өз алдынча курсту иштеп чыгуу жана ишке ашыруу милдетин койду. Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык жылдарындагы тышкы саясатынын маселелерине арналган илимий эмгектердин үстүнөн Н. Омаров, А. Г. Большаков , Айдаркул Каана ж.б. иштешкен. Жалпы теориялык эмгектердин ичинен М. Шеримкуловдун "Праламент за мир" деп аталган эмгегин белгилесек болот. КРнын спикери өзүнүн эмгегинде КМШ түзүлүү тарыхына, суверендүү жаш республикалардын ортосундагы чыр – чатактардын себептерине тарыхый талдоо жүргүзгөн. Бир катар атамекендик окумуштуулар өз эмгектерин Кыргызстандагы саясий партиялар менен коомдук уюмдардын өнүгүүсүн изилдөөгө арнашкан. Алардын ичинен У. К. Чиналиевдин, А. Анарбековдун, Г Искакованын, Ч. Койчумpraвованын, Ж. К. Омурованын эмгектерин белгилесек болот. Коомдук-саясий турмуштун өнүгүү этаптары мамлекеттин башкаруу формасынын өзгөчөлүктөрүн жана мамлекет башчысынын укуктук статусун аныктоо менен байланышкан. Кыргызстандын 1991-2005 - жылдардагы коомдук-саясий турмушун талдоо үчүн саясий режимди аныктоо зарыл. Азиз Канатбек, к.ч. Султанбеков, ж. Т. Аширов өз эмгектеринде Кыргыз Республикасындагы Президенттик институтунун саясий системасындагы ордун Азиз Канатбек, К. Ч. Султанбеков, Ж. Т. Аширов илимий эмгектеринде талдашкан.

Адамзаттын тарыхы уникалдуу жана бүтпөгөн кубулуш, ошондуктан конкреттүү окуялар боюнча акыркы өкүм чыгаруу тарыхчы жана тарых илими үчүн өтө кыйын. Колдонулган адабияттар саясий процесстердин татаалдыгын жана ар түрдүүлүгүн чагылдыруууга, алардын компоненттеринин ортосундагы байланышты орнотууга жана саясий окуялардын натыйжаларына ар кандай факторлордун таасир этүү деңгээлин баалоого мүмкүндүк берет.

***"Чет өлкөлүк тарыхнаама"*** деген аталыштагы экинчи бөлүмдө коомдук саясий турмуштун өнүгүүсү боюнча изилдөө жүргүзгөн дүйнөлүк классикага айланган окумуштуулардын жетишкендиктери колдонулган жана анализге алынган. Илимий категория катары саясий турмуш XX кылымдын экинчи жарымында талданып баштаган. Философия илимдеринин доктору И.М Чудинованын айтымында, "саясий жашоо – бул социалдык жана жеке кызыкчылыктар менен шартталган саясий ишмердүүлүктүн, саясий мамилелердин реалдуу процесси. Аны канааттандыруу саясий бийликтин иштөө механизминен жана ал жүргүзгөн саясаттан көз каранды". Бул бөлүмдө биз "Гибриддик режим", "түстүү революция", демократиянын маңызын туура түшүнүү үчүн коомдук өнүгүү жүрүшүндө пайда болгон жана өркүндөгөн демократия теорияларына кайрылганбыз.

Азыркы мезгилде коомдук саясий турмуштун өнүгүшүн изилдеп түшүнүүдө трансформация, модернизация теориясын колдонгондор арбын. Саясий модернизация концециясын иштеп чыгууда чоң роль ойногон окумуштуулар С. Хантингтон, Х. Линдц күчтүү саясий институттарды түзүп андан кийин модернизация жүргүзүүнү жакташат. Ал эми Г. Алмонд, Р. Даль

саясий системанын модернизациясынын ийгиликтүү болушу элдин өкүлчүлүктүү демократия институттарынын ишине кеңири тартуу жана саясий элитанын эркин атаандаштыгына шарт түзүү менен ишке ашат деп белгилейт.

Демократиянын Улуттук фондунун директору Марк Платтнер “постсоветтик мейкиндиктеги мамлекеттерде демократиялык процесстерге баа берүү барган сайын кыйын болуп жатат. Көпчүлүк КМШ өлкөлөрүндө Батыш демократиясынын институттары ишке кирген. Бирок бул демократиялык институттар авторитардык мүнөзгө ээ. Токсонунчу жылдары СССРден чыккан өлкөлөрдө жаңы демократиялык институттар ийгиликтүү өнүгөт деп күткөнбүз” деп белгилеген. Акыркы жылдары КМШ өлкөлөрүндө тескеринче болуп жатат” деп белгилеген. Коомдун саясий өнүгүүсү эволюциялык жана революциялык формада ишке ашырылышы мүмкүн. Революциялык жол саясий системанын алмашуусуна алып келет, эволюция мезгилинде коомдун саясий системасын түп-тамырынан бери өзгөртпөгөн сандык өзгөрүүлөрдүн топтолушу жүрөт. “Демократия аралында” болгон 2005 – жылдын 24 – мартындагы окуяны кээ бир саясатчылар түстүү революциянын болушу менен мүнөздөшкөн. Түстүү революция концепциясын 1973-ж. америкалык Джин Шарп өзүнүн “Зордук – зомбулуксуз саясаттын аракеттери” аттуу китебинде негиздеген. Эксперттердин айтымында, түстүү революциялар алсыз саясий бийлик сөз эркиндиги менен айкалышкан өлкөлөрдө гана ийгиликтүү ишке ашат. Окуялардын өнүгүшүнүн негизги айрымалоочу белгиси, бардык түстүү революциялар шайлоодон кийин болот. “Түстүү революция” өзүнүн тушүнүгүндө классикалык революцияларга кирбейт. Бул революцияларды “Гибриддик согуштар”деп аталган көрүнүш менен да байланыштырат. Дүйнөлүк классикага айланган окумуштуулардын илимий эмгектери саясий система, идеология, саясий турмуш, саясий режим коомдук саясий турмуштун өнүгүүсүнө кандай таасир эткенин түшүнүүгө жардам берди.

Экинчи бап **“Изилдөөнүн методологиясы, методдору жана булактык базасы”** деп аталат.

*Изилдөөнүн объектиси:* Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005-жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү.

*Изилдөөнүн предмети:* 1991 – 2005 – жылдар аралыгындагы Эгемен Кыргызстандагы саясий система, саясий мамилелер саясий процесстер болду.

Бул бапта диссертациялык ишти жазууда колдонулган изилдөө методдору жана изилдөөнүн илимий чөйрөсүнө кирген тарыхый булактар класификаяланып талдоого алынган. Кыргыз республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүүсүн изилдөөдө төмөндөгү методдор колдонулду: актуалдаштыруу, эмприкалык, тарыхый метод, тарыхый генетикалык метод, синхрондук анализ методу, тарыхый-системалык метод, салыштырмалуу (компративисттик) методу бихевиористик (жүрүм – турум) методу, биографиялык метод. *Тарыхый генетикалык метод* – коомдук - саясий турмуштун өнүгүүсүндөгү окуялардын себебин аныктоо менен келечекте боло турган саясий системадагы өзгөрүүлөрдүн өнүгүшүнүн варианттарын кароого мүмкүндүк берди. Генетикалык анализ метод катары коомдук процессти

башкаруунун стратегиялык багыттарын иштеп чыгууга, коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүнүн тарыхый тенденцияларын аныктоого, каталардын жана кемчиликтердин жаңы тарыхый реалдуулукта кайталанышына жол бербөө үчүн Кыргызстандагы саясий кризистин себептерин так аныктоого негиз болду. *Салыштырмалуу (компративисттик) методу* – мурда же кийин болгон окшош окуялардын контекстинде иликтейт. Салыштырмалуу методу ар кандай саясий системалардагы окшош саясий кубулуштарды салыштыруу менен алектенет. Мисалга саясий режимдерди, партияларды, саясий институттарды салыштыруу жүрөт. Саясий режимди аныктоо үчүн демократиялык, авторитардык, тоталитардык режимдерге деталдуу талдоо жүргүзүлдү жана Кырыгыз Республикасында 1991 – 2005 жылдары президенттик бийликти күчөтүү процесси болгон деген жыйынтыктарды чыгарууга негиз болду. Изилдөөнүн объектиси болгон Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005- жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү изилдөөдө үчүн колдонулган методдордун системасы чындыкты объективдүү таанып-билүүгө жардам берди.

Эгемен Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүү тарыхын изилдөөдө базалык тарыхый - маалыматтык булак катары: ченемдик укуктук актылар, статистикалык документтер, саясий – идеологиялык документтер, архивдик документтер колдонулду. Бул булактарды колдонуу Кыргыз Республикасынын коомдук жана саясий турмушун ар тараптан изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Диссертациянын үчүнчү бабы “**Эгемен Кыргыз Республикасындагы саясий системанын калыптанышы**” деп аталат. Бул бапта демократиялык институттарды ишке киргизүү этаптары, бийлик бутактарынын калыптануу тарыхы кеңири изилденген. Ар бир бийлик бутактарында жүргүзүлгөн реформалар, ички жана тышкы саясат, чек ара маселеси, башкаруу формасы, конституциялык реформалар изиилдөө объектиси болгон**.** Үчүнчү баптын биринчи бөлүмү ***“СССРдин кыйрашы жана Суверендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүшүндөгү коомдук саясий абал”*** деп аталган. СССРдин кулашынын түпкү себеби коммунисттик идеологиянын кыйроосу, советтик тоталитардык саясий режимдин кризиси, көп улуттуу өлкөгө мүнөздүү улутчул тенденциялардын күчөшү, экономиканын диспропорциясы, ички жана тышкы көйгөйлөрдүн жана карама-каршылыктардын комплекси болуп саналат. Демократияга өтүү 1991 - жылдары Кыргыз республикасы үчүн татаал шарттарда башталган. Социалдык – экономикалык кризис өнөр жайдын төмөндөшүнө, гиперинфляцияга, калктын жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшүнө алып келген. Өлкөдө тарыхта калыптанган демократиялык институттарды ишке киргизүү чоң маселелерди жараткан. 1990 – 1993 жылдары мамлекеттин саясий тутумун реформалоонун мүнөзү жаңы тутумду түзүүгө эмес, иштеп жаткан системаны жок кылууга багытталган. 1993 – 1995 – жылдары Кыргызстандын саясий, экономикалык, улуттук, геосаясий кызыкчылыктарын эске алуу менен саясий тутумду түптөө процесси жүргөн. Көз карандысыз Кыргызстандын жаңы Конституциясы кабыл алынган.

Конституциянын негизинде жаңы саясий тутумдун архитектурасы түзүлгөн. Бийлик бутактары бөлүштүрүлгөн, Кыргызстан парламенттик – президенттик башкаруу формасына өткөн. 1991 - 2005 жылдары Кыргызстандын саясий тутумунун өнүгүшү 1994, 1996, 1998, 2003 жылдардагы референдумдардын негизинде Конституциялык реформалар байланыштуу болгон. Кыргызстандын саясий тутумунда күчтүү президенттик бийликти орнотуу аракеттери, бийликтин ар тараптан системалык түрдө кризиске алып келген.

“**Эгемен мамлекеттин саясий жана демократиялык институттарын түзүү баскычтары”** деген үчүнчү баптын экинчи бөлүмүндө ар бир жүргүзүлгөн реформалардын мыйзамдуулугу, жыйынтыгы нормативдик актыларга таянуу менен жазылган. Өлкөнүн саясий институтунун калыптануусунун формасы Конституцияда белгиленгендей “суверендүү, унитардык, демократиялык, светтик” түзүлүштөгү мамлекетке жооп берген. 1991-2005-жж. өлкөнүн башкаруу формасы президенттик-парламенттик жана прездenttik мүнөздө калыптанган.

Төртүнчү бап **“1991 – 2005 – жж. Кыргызстандагы саясий, социалдык экономикалык процесстер”** деп аталат. Бул бапта Эгемен Кыргыз Республикасынын тарыхындагы Аксы окуясы жана 2005 – жылдагы март окуясынын келип чыгуу себептери, шайлоо институту, саясий маданиятынын калыптанышы, саясий идеология жана башка актуалдуу маселелер **талдоого алынган.** Баптын биринчи бөлүмү *“**1991 – 2005 – жж. Кыргыз Республикасындагы партиялардын түзүлүшү жана калыптанышы”*** деп аталат. Кыргызстандагы саясий партиялардын түзүлүшү жана өнүгүшү этаптарга бөлүнүп изилденген.

Демократияны чыңдоонун негизги көрсөткүчү – бул демократияны зарыл шарт деп эсептеген шайлоочулардын пайызы. Кыргыз Республикасында эгемендикти алган күндөн бери мамлекеттик деңгээлдеги болгон шайлоолор:

- Президенттик шайлоо (1991, 1995, 2000-жылдары болгон);
- Парламенттик шайлоо (1995, 2000, 2005 - жж. болгон);
- Жергиликтүү кеңештерге шайлоо (1995, 2000-жж. болгон);
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоо (2003- ж.);
- Референдумдар 1994, 1996, 1998, 2003-жж Референдумдар

Бул шайлоолорго анализ жүргүзүүдө партиялардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен байланыштын жоктугун жана жергиликтүү шайлоо процесстерине катышуу маанилүү болбогондугун байкасак болот. 1991 – 2005 жж. Кыргыз Республикасында көп партиялуулук принциби сакталганы менен, саясий партиялардын өлкөнүн коомдук – саясий, социалдык – экономикалык өнүгүсүнө таасири дээрлик жок экендиги жана негизинен саясий партиялар парламенттик шайлоолордун алдында пайда болгондугу далилденди**.** Төртүнчү баптын экинчи бөлүмү ***“2005 – жылдын 24 – март окуясы: келип чыгышынын себептери жана натыйжалары”*** деп аталат. 2005 – жылдын 24 – мартындагы тарыхый окуя  Кыргыз Республикасындагы саясий системаны өзгөртүү жана режимди кулатууга багытталган жарандардын

наразычылык акцияларынын туу чокусу болгон. 2005-ж. март окуясынын негизги себептери саясий, социалдык, экономикалык чөйрөдөгү бийлик тарабынан кетирилген бир катар кемчиликтер, жашоо денгээлинин төмөндүгү, жумушсуздуктун өсүшү, мамлекеттик бийлик түзүмдөрүндөгү коррупциянын күч алышы, тышкы жана ички карыздардын көбөйүүсү, мыйзамдуу ишкердүүлүк үчүн ыңгайлуу чөйрөнүн жоктугу болгон. 2005 – жылга дайындалган парламенттик жана президенттик шайлоолор өлкөдөгү оппозициялык маанайдагы партиялар менен жарандык коомдордун биригүүсүнө алып келген. 2005 – жылдын февраль – март айларында өткөрүлгөн парламенттик шайлоолорго бийликтин мыйзамсыз кийлигишүүлөрү наразычылык акциялардын чыгуусуна түрткү болгон. Президенттин бийликтен кетүүсүнө түрткү болгон себептер жана факторлор:

- Менеджменттик башкаруунун начардыгы. Кадрларды тандоонун жана мамлекеттик аппаратка контролдукту камсыз кылуунун жетишсиздиги.
- СССР кулагандан кийин өлкөнүн индустриясын сактап калуу же жок дегенде деиндустрализацияны басаңдатуу үчүн каражаттарды таба албагандыгы.
- Импортко жана транзитке көз каранды болгон экономикалык саясат.
- Президенттик күчтүү бийликти орнотуу аракеттери.
- Бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун жоктугу.
- Коррупциянын күчөшү. “Кумтөр” алтын кенин сатуу, коррупциялык схемаларды түзүү ж.б.
- Трайбализм.
- Үй-бүлөлүк башкаруу. Аскар Акаевдин жеке бийлигин чыңдоонун жана анын алсыратуунун кошумча фактору катары балдарынын саясатка жана мамлекетти башкарууга аралашуусу негиз болгон.
- Мыйзамдардын иштебегендиги.
- Шайлоочулар жана парламенттин колдоосун жоготуу.
- Саясий элитанын ишенимин жоготуу.
- Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу.
- Тышкы саясий стратегиянын жоктугу ж.б.

Бул факторлор Кыргызстандагы саясий кризистен конституциялык ыкма менен чечүүгө мүмкүн эместигине негиз болду. 2005 – жылдагы тарыхый окуялар Кыргызстанда демократиянын принциптери болгон “элдик бийлик” бар экендигин негиздегени менен туруктуу институтташтырылган демократиялык режимди орнотууда кепилдик боло албаганын көрсөттү. Бул бөлүмдө, 2005 – жылдагы 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылды.

## КОРУТУНДУ

1991 – 2005 жж. аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүү тарыхын изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөнкүдөй ***жыйынтык*** чыгарылды:

1. Суверендүү Кыргызстандын саясий системасын трансформациялоо мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.
2. Кыргызстан эгемендикке ээ болгондон кийин советтик түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүн мурастап калганы талашсыз. Совет доорунан бери калыптанган мамлекеттик башкаруу түзүмү бир аз өзгөртүлгөнү менен маңызы ошол бойдон калган. Бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулуктун жоктугу жана борбордук бийликтин күчтүүлүгүн байкасак болот.
3. Кыргыз Республикасында Перзиденттик кызмат саясий атрибут болуп калды. А. Акаев башкарган жылдары Кыргызстанда авторитардык тенденцияларга ээ болгон күчтүү президенттик бийлик орногон. 1991 – 2005 жылдар аралыгында бийлик президенттин колуна топтолгонуна карабастан Кыргызстандагы саясий режимди авторитардык деп айтуу кыйын
4. Саясий бийликтин легитимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн Конституциялык реформалардын бат – бат жүргүзүлүүсү нормалдуу көрүнүшкө айланган.
5. Экономика саясий турмуштун материалдык компоненти болуп саналат жана саясий тутумдун өнүгүүсүнө таасири чоң экени талашсыз. Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстан рынок экономикасына жана жеке менчикке өтүү туура чечим болгон.
6. Мамлекеттин ичиндеги саясий жана экономикалык кризистердин күчөшү 2005 – жылдын 24 – мартында болгон элдик толкунга алып келди.
7. Кыргызстандын тарыхындагы 1991 – 2005 – жылдардагы басып өткөн жолу өлкөнүн демократиялык өнүүгүсүндө фундамент түптөгөн жылдар болду.
8. Кыргызстандын 1991–2005-жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүшүнө шарттуу түрдө деформацияланган суверендүүлүк таасир тийгизген. Бирок ошого карабастан, өлкөнүн тарыхында ушул жылдары демократиялык режимдин пайдубалы түптөлгөн

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

**1.** Коомдук саясий турмуштун өнүгүүсү саясий бийликтин иштөө механизмине жана жүргүзүп жаткан саясатына байланыштуу. Демократиялык режимди орнотууда мамлекетте саясий жана экономикалык кырдаалды көзөмөлдөөнүн инструменттерине ээ болгон туруктуу саясий бийлик болуш керек**.**

**2.** Саясий маселелерди чечүү үчүн саясий күчтөрдүн ортосунда диалог болуш кереке. 1991 – 2005 жж. Кыргыз Республиксынын коомдук саясий

өнүгүсүнө таасир эткен чыр-чатактар жана тирешүүлөр саясатчылардын ортосундагы байланыштын жана ишенимдин жоктугунан келип чыккан.

**3.** Коомдук – саясий турмуштун өнүгүшүнө жарандардын саясий активдүүлүгү таасир этет. Жарандар шайлоого катышуу аркылуу саясий тутумдун институттарын түзүп берет. Ошондуктан, мамлекеттин ичиндеги кайра куруулар биринчи кезекте калктын аң – сезиминде ишке ашырылууга тийиш. Анткени саясий билимдүү жарандар саясий кырдаалды туура талдап, туура чечимдерди кабыл алуу менен саясий системанын иштешине таасир эте алат.

**4.** Саясий партиялардын коомдогу көйгөйлүү маселелерди чече турган реалдуу программалары жана платформалары болуш керек.

**5.** Шайлоолор – элдик суверендүүлүктү ишке ашыруунун, коомдук пикирди калыптандыруунун жана мамлекеттик механизмдин туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуучу негизги курал. 1991 – 2005-жж. аралыгында Кыргызстанда болуп өткөн шайлоолорго административдик ресурстарды колдонуу, шайлоочулардын тизмесин бурмалоо, добуштарды сатып алуу сыяктуу көрүнүштөр саясий туруксуздуктун келип чыгышына таасир тийгизген. Демек шайлоо тутумунун мыйзам базасын жакшы иштеп чыгуу керек.

**6.** Конституция мамлекеттин баш мыйзамы болгодуктан коомдун өнүгүүшүнө ылайык келиш керек. Өлкөнүн негизги мыйзамы саясатта, экономикада, социалдык чөйрөдө көйгөйлөрдү чечүү менен мамлекетте жашаган ар бир жарандын укугун коргошу керек. Мындан ары референдум институтун пайдаланып, Конституцияга тез-тез өзгөртүүлөрдү киргизүү практикасынан баш тартуу зарыл.

**7.** Кыргызстанда бийликти тынчтык жолу менен өткөрүп берүү салтын калыптандыруу жана бекем сактоо зарыл.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Арзыматова, А. Ж. Становление формы правления в Кыргызской Республике (1991-2005 гг.) [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2018. – № 1. – С. 157-159. https://elibrary.ru/item.asp?id=35034233
2. Арзыматова, А. Ж. Становление президентской власти в Кыргызской Республике: исторические аспекты и политические факторы [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Евразийское научное объединение. – 2021. – № 5-4(75). – С. 304-307. https://elibrary.ru/item.asp?id=46209998
3. Арзыматова, А. Ж. Кыргызстанда президенттик бийликтин калыптанышы (1991-2005-жылдар) [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – № 3. – С. 174-177. https://elibrary.ru/item.asp?id=46306383
4. Арзыматова, А. Ж. Общественно-политическая жизнь Кыргызской Республики [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Евразийский союз ученых. Серия:

исторические, политические и социологические науки. – 2021. – № 6(87). – С. 4-6. https://elibrary.ru/item.asp?id=46322632
5. Арзыматова, А. Ж. Кыргыз Республикасында сот бийлигинин түзүлүшү жана калыптанышы (1991-2005-жылдар) [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2021. – № 1. – С. 175-178. https://elibrary.ru/item.asp?id=46623969
6. Арзыматова, А. Ж. Эгемендүү Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн Конституциялык реформалар [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2021. – № 2-3 (56-57). – С. 67-70. https://elibrary.ru/item.asp?id=47310726
7. Арзыматова А. Ж. Развитие общественно-политической жизни Кыргызской Республики с 1991 по 2005 г. [Текст] / А. Ж. Арзыматова // Гуманитарные и социально-эклономические науки. – 2022. – № 4(125). – С. 44-48. https://elibrary.ru/item.asp?id=49384301
8. Арзыматова, А. Ж. Кыргызстандагы коомдук – саясий турмушка таасир эткен факторлор.[Текст] / А. Ж. Арзыматова, Т. О. Омурзакова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2022. – № 4-2. – С. 265-270. https://elibrary.ru/item.asp?id=54221966
9. Арзыматова, А. Ж. Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун трансформациялоо. (1991 - 2005- жылдар аралыгында) [Текст] / А. Ж. Арзыматова // ALATOO ACADEMIC STUDIES. – 2023. – № 1. – Б. 336-348. https://elibrary.ru/item.asp?id=52692608
10. Арзыматова, А. Ж. Политическая система Кыргызской Республики (1991-2005 гг.) [Текст] / А. Ж. Арзыматова, Т. О. Омурзакова // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2023. – № 5-5 (80). – С. 9-13. https://elibrary.ru/item.asp?id=54021538

**Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)” аттуу темадагы диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы, саясий турмуш, коом, саясий система, суверенитет, конституция, реформа, трансформация, модернизация, демократия, бийлик бутактары, саясий чөйрө.

**Изилдөөнүн максаты** 1991 – 2005 жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомду – саясий турмушунун өнүгүү динамикасынын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү менен тарыхый талдоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005-жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү.

**Изилдөөнүн предмети:** 1991 – 2005 – жылдар аралыгындагы Эгемен Кыргызстандагы саясий система, саясий мамилелер саясий процесстер, коомдук – саясий турмуштун өнүгүшүн мүнөздөгөн мыйзамдар , токтомдор жана башка материалдар болду.

**Изилдөө ыкмалары:** Историзм, объективдүүлүк, конкреттүүлүк, плюрализм, альтернативдүүлүк, социалдык мамиле принциптери диссертациянын методологиялык негизин түздү. Изилдөөнүн объектиси болгон Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005- жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү изилдөөдө үчүн колдонулган методдордун системасы чындыкты объективдүү таанып-билүүгө жардам берди.

**Диссертациялык иштин жаңылыгы:** 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алынды; Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун тарыхый жана саясий аспектиде изилдөөнүн негизиде 2005 – жылдагы март окуяларына объективдүү баа берилип, 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүшү жөнүндөгү билимдин кенейишин камсыз кылат жана анын көйгөйлөрүн андан ары терен изилдөөгө колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот.

**Колдонуу чөйрөсү**. Диссертациянын материалдары «Кыргызстандын тарыхы», саясат таануу боюнча жалпы илимий эмгектерди жазууда, Эгемен Кыргызстандын коомдук-саясий турмушуна талдоо жүргүзүү боюнча курстарды уюштурууда пайдаланылышы мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Арзыматовой Анаркуль Жумадиловны на тему: “Развитие общественно – политической жизни Кыргызской Республики (1991 – 2005 гг.)” на соискание учёной степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, политическая жизнь, общество, политическая система, суверенитет, конституция, реформа, трансформация, модернизация, демократия, ветви власти, политическая среда.

**Цель исследования**: история развития общественно – политической жизни Кыргызской Республики за период с 1991 по 2005 годы.

**Объект исследования:** развитие общественно - политической жизни Кыргызской Республики за 1991-2005 годы.

**Предмет исследования:** политическая система, политические отношения, политические процессы в суверенном Кыргызстане в период с 1991 по 2005 годы, законы, постановления и другие материалы, характеризующие развитие общественно – политической жизни.

**Методология исследования основана на приминении** принципы историзма, объективности, плюрализма, альтернативности, социального подхода. Система методов, используемых при исследовании помогло объективно познать развитие общественно – политической жизни Кыргызской Республики в 1991-2005 гг.

**Научная новизна исследования.** Проанализирована исходная база исследования с историографическими трудами по развитию общественно-политической жизни Кыргызстана за 1991-2005 годы; На основе изучения общественно – политической жизни Кыргызской Республики в историческом и политическом аспекте дана объективная оценка мартовским событиям 2005 года и сделан вывод, что события 24 марта – это не классическая социальная революция, а событие, сопровождающее некоторые признаки революционной ситуации.

**Практические рекомендации:** обеспечивает расширение знаний о развитии общественно-политической жизни Кыргызской Республики и может быть использована для дальнейшего углубленного изучения ее проблем. Основные выводы и положения диссертации могут быть использованы в практической деятельности органов государственной власти с учетом потребностей общества.

**Область применения.** Материалы диссертации могут быть использованы при написании обобщающих научных трудов по «Истории Кыргызстана», политологии, организации курсов по проведению анализов общественно-политической жизни Суверенного Кыргызстана.


## SUMMARY

**Of the dissertation by Arzymatova Anarkul Jumadilovna “Development of the socio – political life of the Kyrgyz Republic (1991 – 2005)”. The dissertation on competition degree of a scientific degree of historical on specialty 07.00.02. – The domestic history**

**Key words:** Kyrgyz Republic, political life, society, political system, sovereignty, constitution, reform, transformation, modernization, democracy, branches of government, political environment.

**The purpose of the study:** the history of the development of socio-political life of the Kyrgyz Republic for the period from 1991 to 2005.

**The object of the study**: the development of the socio-political life of the Kyrgyz Republic in 1991-2005.

**The subject of the study:** the political system, political relations, political processes in sovereign Kyrgyzstan in the period from 1991 to 2005, laws, regulations and other materials characterizing the development of socio–political life.

**The research methodology** is based on the application of the principles of historicism, objectivity, pluralism, alternativeness, and social approach. The following methods were used in the study of the development of the socio–political life of the Kyrgyz Republic: empirical, historical method, historical genetic method, method of synchronous analysis, historical-systemic method, comparative (comparative) method, behavioral (behavioral) method, biographical method. The system of methods used in the study helped to objectively understand the development of the socio–political life of the Kyrgyz Republic in 1991-2005**.**

**The novelty of the dissertation work**: Based on the study of the socio-political life of the Kyrgyz Republic in the historical and political aspect, an objective assessment of the March events of 2005 was given and the conclusion was made that the events of March 24 are not a classic social revolution, but an event that accompanies some signs of a revolutionary situation.

**Recommendations for using.** Provides an expansion of knowledge about the development of socio-political life of the Kyrgyz Republic and can be used for further in-depth study of its problems. The main conclusions and provisions of the dissertation can be used in the practical activities of public authorities, taking into account the needs of society.

**The sphere of application.** The dissertation materials can be used when writing general scientific works on the “History of Kyrgyzstan”, political science, organizing courses on conducting analyzes of the socio-political life of Sovereign Kyrgyzstan.

